Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№24 [16982] ИШЕМБИ, 20/09/2025

## Президент Садыр Жапаров Алымбек датканын 225 жылдык маарекесине катышты



2-бетте

## Гамбург университетинин делегациясы ОшМУда меймандa



2-бетте

## Ош шаарында айыл чарбасын каттоо жүргүзүлөт



6-бетте

## Ноокат аймактык ооруканасында калк саламатчылыгына камкордук жакшы



4-5-беттерде

## Сулайман-Тоо мэриянын карамагына өтөбү?



8-бетте

Ош облусунун коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Б. Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1163**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Президент Садыр Жапаров Алымбек датканын 225 жылдык маарекесине катышты



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Алай районунун Гүлчө айылында XIX кылымдагы чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмер Алымбек Датканын 225 жылдыгына арналган юбилейлик иш-чарага катышты. Иш чаранын жүрүшүндө мамлекет башчысы Гүлчө айылында XIX кылымдагы көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер Алымбек Датканын эстелигине гүлчамбар коюу аземине да катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө көрүүчүлөргө Алымбек Датканын өмүр баянынын негизги баскычтарын ачып берген даректүү тасма, ошондой эле ал жашаган доордун атмосферасын жана анын өмүрүндөгү эң маанилүү эпизоддорду көркөм формада чагылдырган театралдаштырылган пролог көрсөтүлдү.



Садыр Жапаров куттуктоо сөзүндө Алымбек Датка көрө билген көсөм жана кеменгер мамлекеттик ишмер болгонун, аны менен иш-чарага катышкан түздөн-түз урпактары эле эмес, бүткүл кыргыз эли сыймыктанарын белгиледи.

Садыр Жапаров сыймыктануу гана эмес, датканын өмүр баянын жана Кыргызстандын тарыхындагы ролун изилдөө, анын мамлекеттүүлүктү чыңдоого кошкон салымын сактоо жана даңазалоо, бул мурасты келечек муунга өткөрүп берүү милдети турарын баса белгиледи.

«Кыргыз элинин көөнө тарыхында эгемендик үчүн, эркиндик үчүн кара башын канжыгага байлап, өмүрүн арнап күрөшкөн нечендеген эр-азаматтар, эл башчылар өткөн. Алардын сап башында көкүрөгүбүзгө кыттай уюп, каныбызга сиңген Айкөл Манас атабыз, андан берки Кыргыз кагандыгын түптөп, түндүгүн көтөргөн кашкөй бабалар, анын ичинде Барсбек каган, берегиде Адигине бий, Мухаммед Кыргыз, Кубат бий, Эр Солтоной, Атаке бий, Ормон хан сыяктуу мүлдө кыргыз элинин биримдиги үчүн, кыргыз дөөлөтү үчүн күйүп-жанган журт аталарынын ысымдары көктөгү Чолпон жылдыздай болуп бизге жарыгын чачып, дем берип келет.

Бүгүн биз мына ушундай атагы азыркы заманга дайын, даңкы дагы далай кылымдарды карыта турган, журт түптөп, эл баккан, кыргыз элинин элдүүлүгү, эгемендиги үчүн күрөшкөн тарыхый инсан, чыгаан саясий жана мамлекеттик ишмер – Алымбек Датка атабыздын 225 жылдык маарекесин сыймыктануу менен белгилеп олтурабыз.

Мен атпай кыргыз журтчулугун бүгүнкү Алымбек Датка Асан бий уулунун маарекелик тою менен чын дилимден куттуктаймын!

Мыкты уюштуруучу, алысты көрө билген көсөм жана кеменгер Алымбек Датка менен анын мында олтурган түздөн-түз урпактары гана эмес, жамы кыргыз журтчулугу баарыбыз сыймыктанабыз.

Жөн гана сыймыктанып тим болбостон, Датка атабыздын өмүр таржымалын, мамлекеттик ишмер катары кыргыз тарыхындагы ээлеген ордун, мамлекеттүүлүктү түптөөдөгү ат көтөргүс эмгегин даңазалоо, келечек муунга жеткирүү жалпыбыздын милдетибиз деп билебиз.

Мындай сыймыктуу миссияны ишке ашыруу максатында республикабызда илимий конференциялар, маданий жыйындар жана башка бир топ иш-чаралар өткөрүлүүдө. Бүгүн болсо ушул иш-чаралардын кульминациялык бөлүгүн – Алымбек Датканын 225 жылдык маарекесин Датка атабыз мекендеген, далай тарыхый окуялардын чордону болгон айтылуу Алай өрөөнүндө чоң салтанат менен белгилеп жатабыз.



XIX кылымда Алымбек Датка Кокон хандыгынын саясий аренасында активдүү ролду гана ойнобостон, эл агасы, журт туткасы катары да көрүнгөн.

Алымбек Датка – Кокон хандыгынын саясий турмушуна 35 жылдай аралашып, Нүзүп бий, Алымкул аталык жана башка кыргыз төбөлдөрү сындуу эле ханга тете бийликти өз колуна топтой алган ишмерлердин бири болгон.

Ал Кокон ордосундагы эң жогорку кызматтардын бирине — вазирликке көтөрүлүп, бир нече жыл бою хандыктын ички-тышкы саясатын жүргүзгөн.

32 жаш курагында өткүрлүгү, бийик адамгерчилик касиеттери, датка атыктырган адилеттиги, эл бийлөөгө шыкжөндөмү менен таанылган Алымбек Датка Анжиян вилайетинин беги кызматына дайындалып, Алай, Ош, Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка жана Анжиян аймактарын башкарууну толук колуна алган экен.

Алымбек Датка өзгөчө көрөгөчтүгү менен айырмаланып, 1840-жылдардын башында вилайеттин борборун Анжияндан Ошко көчүргөн. Көбүңүздөр жакшы билесиздер, Ош шаарында мурун Алай мейманканасы турган жерге Ак Ордо тургузган. Ошентип, ордолуу Ош шаары Алымбек Датканын акылмандыгы менен ири саясий борборго айланган. Дал ошол Ош шаарында Алымбек Датка, андан кийин зайыбы Курманжан Датка алыс-жакындан келген коноктордо, карапайым калкты кабыл алып, мамлекеттик жана чөлкөмдүк маанилүү маселелерди талкуулап, тарыхый чечимдерди чыгарып турушкан»,-деп белгиледи мамлекет башчысы С.Жапаров.

Сөзүнүн соңунда Президент төкмө акындардын «Айтыш» сынагынын жеңүүчүсүнө Ош шаарынан батир алууга сертификат тапшырды. Ал эми ат оюндарынын — аламан байге, кунан чабыш жана жорго салыштын жеңүүчүлөрү автоунаалардын сертификаттарын алышты.

**К.Кыдыралиева.**

# Кыргыз жараны концепциясы аракетте

**Учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы ПЖ № 39 Жарлыгы менен бекитилген “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы” боюнча иш алып барылууда.**

**Анда “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (мындан ары - Концепция) 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат. Концепция Кыргыз жараны деп өзүн таанууну Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жана элдин биримдигин бекемдөөчү өзүн таануу катары карайт.**

Учурда Кыргызстандын түрдүү маданий, этностук, диний салттарды карманган жарандардын жамааттарына карабастан, өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана бакубаттуулугун бекемдөөгө умтулган бирдиктүү коомчулук - Кыргыз жаранын калыптандырууга багытталган 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жүзөгө ашырылууда.

Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. Кыргыз жараны өлкөнүн аталышы болгон -"Кыргыз Республикасы" аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.”,-деп белгиленген.

Кыргыз жараны концепциясында да 5 багыт көрсөтүлгөн, алар:

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну, аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.
2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.
3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп түрдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.
4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.
5. Саясий институттарга жана мамлекетти бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

Кыргызстандагы калктын саны -7, 3 млн адам, анын ичинен кыргыздар 5,6 млн же 74%, өзбектер- 1, 0 млн, орустар-247, 9 миң, дунгандар-68, 7 миң, тажиктер-62, 2 миң, калганы башка этностор. Жалпысынан республикада көптөгөн этностун өкүлдөрү жашайт. Кыргыз жараны концепциясы кабыл алынганына быйыл 13-ноябрда 5 жыл болот.

БУУга 194 мамлекет мүчө, ал эми дүйнөдө 3000ден ашуун этнос бар, бирок, алар БУУга мүчө эмес, алардын көпчүлүгүнүн өз мамлекети жок. Белгилеп кетүүчү нерсе, улут деген сөз биздин тилден алынып салынганы жок, ал башкаларга салыштырганда даражасы бир нече жогоркуларга ыйгарылат жана колдонулат. Мисалы: Улуттук саясат, Улуттук университет, Улуттук китепкана, Улуттук музей ж.б.у.с.

“Концепцияны ишке ашырууну башкаруу Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына жана башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле кабыл алынган эл аралык милдеттенмелерге ылайык белгиленген тартипте күчүнө кирген укуктук ченемдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аткаруу бийлигинин органы катары Концепцияны жүзөгө ашыруунун алкагында Иш-аракеттер планын (мындан ары - Иш-аракеттер планы) иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат жана каралган иш-чаралар менен иш-аракеттердин аткарылышын контролдойт. Иш-аракеттер планын жүзөгө ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары башында турган ведомстволор аралык комиссия түзүлөт, ал өзүнө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргызстан калкы ассамблеясынын, ЖМКлардын, жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүн жана жарандык активисттерди камтыйт”деп белгиленген аталган концепцияда.

**Б. Султанов,**
**КР Дин иштери жана этностук мамилелер боюнча улуттук агенттигинин Ош шаарындагы этностук мамилелер боюнча коомдук кабылдаманын жооптуу катчысы.**

**Камкордук**

## Ноокатта жаңы суу чачуучу техника тапшырылды






Ноокат районунун Көк-Бел айыл аймагына жаңы заманбап суу чачуучу техникасы расмий түрдө тапшырылды. Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев катышып, техниканын ачкычын тапшырды.

Суу чачуучу унаанын жалпы баасы 2 миллион 450 миң сомду түзүп, ал Ош облустук өнүктүрүү фондунун каражатынын эсебинен каржыланды.

Аталган техника аймактын инфраструктураны жакшыртуу жана калкка ыңгайлуу шарт түзүү максатында колдонулат.

**К.Орунбаева.**

**Кызматташтык**

## Гамбург университетинин делегациясы ОшМУда мейманда

**Ош мамлекеттик университетине (ОшМУ) Германиянын Гамбург прикладдык илимдер университетинен делегация келди. Делегациянын курамында профессорлор Марина Тропманн-Фрик, Мартин Шульц жана Михаэль Гилле бар.**



Алар ректор Кудайберди Кожобеков менен жолугушуп, эки университеттин кызматташтыгын тереңдетүү багытындагы мүмкүнчүлүктөрдү талкуулашты. Мындан сырткары, ОшМУдагы GreenKG долбоорунун алкагында жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат берилди. Ал эми долбоордун координатору Абдыганы Абдувалиев,



Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор Уларбек Молдояров, Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун директору Бектур Азимов сөз презентация жасашты.

Күндүн экинчи бөлүгүндө делегация университеттин институт, факультеттеринде, медициналык клиникасында, "Келечек муундун ХАБы" борборунда болуп, санариптештирүү, жашылдандыруу багытында жасалып жаткан иштер менен таанышты.

2024-жылы июль айында прикладдык информатика жана маалыматтык коопсуздук кафедрасынын доценти Абдыганы Абдувалиев жетектеген делегация Германиянын Гамбург прикладдык илимдер университетинде өткөн окутууга катышып келген. Анда алар аталган университеттин күндөн жана шамалдан электр энергиясын алууда жасалып жаткан иштерине күбө болушкан. Делегация ОшМУда күн панелдерин окуу имараттарынын чатырларына орнотуу иштери кандай жүрүп жаткандыгы боюнча да маалыматтарды беришкен.

GREEN.KG долбоору экология, санарип, социалдык жана экономикалык демилгелерди иштеп чыгууга багытталган. Ага Европанын эки окуу жайы менен катар Кыргызстандын он университети, анын ичинде ОшМУ тартылган.

Долбоордун алкагында университеттин Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунда «Санариптик инновациялар борбору», Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунда «Эко-инновациялар борбору» иш алып барат.

**З.Нуралиева,**
**ОшМУнун басма сөз катчысы.**

# Ноокат аймактык ооруканасында

## Түзүлгөн шарттар

Ноокат аймактык ооруканасы калкка талапка ылайык медициналык кызмат көрсөтүүдө. Аймактык ооруканы бүгүнкү күндө медицина илимдеринин кандидаты, КР саламаттыкты сактоосунун мыктысы, бир канча Ардак грамоталардын ээси Азимбаев Кубатали Арынович жетектеп келет. Ал буга чейин Ош облустук бириккен клиникалык ооруканасында анестезиолог-реаниматолог кызматында иштеген. Кийин кан куюу бөлүмүнүн башчысы кызматында, Ош облустук балдар клиникалык ооруканасында врач- рентгенолог, ЯМР томография бөлүм башчысы кызматында эмгектенген. 2024-жылдын 29-февралынан тартып Ноокат районунун аймактык ооруканасына директор болуп дайындалып, ушул күнгө чейин эмгектенип келе жатат.



Ноокат аймактык ооруканасында 605 койкага ылайыкташтырылган 20 бөлүм бар. Анын ичинен 3 бөлүм - неврология, ангионеврология жана реабилитация бөлүмдөрү Зулпуев айыл аймагында, тери-венерология бөлүмү мурдагы кургак учук диспансеринин имаратында жайгашкан, ошондой эле 16 бөлүм райондук ооруканада. Мындан сырткары 6 бөлүм Төөлөс, Кулатов, Көк-Жар, Жаңы-Ноокат, Кыргыз-Ата, Көк-Бел айыл аймагында жайгашкан жана Кеңеш айыл аймагынын Куу-Майдан айылында Көк-Бел ооруканасынын терапия бөлүмү иштеп жатат. Ооруканада бардык дарыгерлердин саны 110, орто медицина кызматкерлери 528, кенже медицина кызматкерлери 265, башка кызматкерлер 113. 2025-жылы 1 кварталда 16 медкызматкер ишке алынып, алардын ичинен дарыгерлер 4, орто медицина кызматкерлери 12, кенже медкызматкерлер 21, техникалык жана башка кызматкерлер 2. Ал эми 2025-жылы 20 дарыгер, 60 орто медицина кызматкерлери билимин жогорулатуу курстарынан өтүштү. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгерлери - 3, КР Саламаттыкты сактоосунун мыктылары төш белгиси менен 53 медкызматкерлери сыйланышкан.



Саламаттыкты сактоо тармагында көп жылдардан бери эмгектенип келе жатышкан дарыгерлер: А.Кадыров, М.Ташиев, А.Турсуналиев, К.Надирова, М.Абдуллаева, А.Абдувалиева, И.Имарова, Р.Осмонова, Р.Кадырова, О.Осмонов, А.Маманова, Т.Султанов, А.Абдуллаев, З.Насырова, Р.Карыбеков, А.Осмоналиев, Т.Чалиев, М.Жумаев, Э.Көккөзов, А.Шералиев, У.Мингбоев,

Орто медицина кызматкерлерден: Г.Моминова, С.Жолдошова, А.Жолдошова, А.Мамаюсупова, М. Мурзаева, Н.Дуйшобаева, Н.Надирова, Д.ПратоваА.Шаимкулова, Б.Осмонова, Т.Бекмуратова, А.Тешебаева, К.Алиева, А.Парпиева, З.Султанова, С.Ташматова, Ш. Мирбабаева, Ы.Кудайбердиева, Б.Маматкулова А.Гаипкулов, В.Абдыкадыров сыяктуу медицина кызматкерлери калктын саламаттыгын сактоодо үзүрлүү эмгектенип келе жатышат. 2025-жылга ооруканаларынын кызматкерлерине каралган эмгек акы 266 млн. 141миң сомду түзөт.

Калкка медициналык тез жардамдын, стационардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууда, жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда бир топ натыйжалуу иштер жүргүзүлүүдө. Ооруканanyн ичиндеги оорулардын алдын алуу боюнча эпидемиологиялык көзөмөл жүргүзүлүүдө. Калктын саламаттыгын камсыз кылуу үчүн 21 428 134 сомдук зарыл дары-дармек, медициналык буюмдар, реактивтердин запасы түзүлгөн.

Калкты медициналык жактан сапаттуу тейлөө боюнча райондун аймагында 12 тез жардам пункттары бар, анын ичинен райондун борборунда, Көк-Жар, Көк-Бел айыл аймагындагы медициналык мекемелерде тез жардам пункттары күнү-түнү иштөөдө. Тез жардам пункттарында тажрыйбалуу фельдшерлер менен толукталган жана керектүү медициналык жабдуулар менен жабдылып, жетиштүү санда дары-дармектер менен толукталган.



Бардык медицина мекемелери интернет байланышына туташтырылып, санариптик система иштеп жатат. Райондук ооруканада телемедициналык окутуулар уюштурулуп, облустук, республикалык клиникалардын дарыгерлери менен консультативдик кызмат көрсөтүү маселелери боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Ооруканада бүгүнкү күндө телемедицина кызматы, электрондук маалымат системасы толугу менен иштеп жатат, анын жардамы менен оор ооруларды облустук, республикалык клиникалардагы адистер менен кенен консультация кылууга шарт түзүлгөн жана керектүү темалар боюнча лекцияларды угууга атайын кабинет уюштурулуп компьютерлер менен жабдылган.

Бардык бөлүмдөр компьютерлер менен камсыз болуп интернетке уланган. Ош областтык балдар ооруканасы менен аймактык оорукананын балдар жандандыруу бөлүмүндө дарыланып жаткан оорулууларды онлайн-консультация кызматы үзгүлтүксүз пайдаланылууда. Энеликти жана балалыкты коргоо боюнча ЮНИСЕФтин каржылоосу менен Индиянын Intel health компаниясы тарабынан негизделип эне жана баланы коргоодогу медициналык тейлөө боюнча райондук төрөт үйүндө ымыркайларга биринчи реанимациялык жардам көрсөтүү боюнча ЭПУ, БДОР аппараттары берилген.

Ымыркайларды жана балдарды текшерүү үчүн УЗИ аппараты (баш мээни текшерүү) менен камсыз кылуу максатында 2024-жылы бюджеттин эсебинен 3 млн.950 миң сомдук заманбап УЗИ аппараты сатып алынып, атайын адис даярдалды (баштапкы 4 айлык кайра даярдоо курсунан окутулду). УЗИ аппараты иштегенден бери (Сонография, ЭХО кардиография) 560 оорулуу көрүлүп, алардын ичинен жаңы төрөлгөн ымыркайлар арасында 6 баш мээнин патологиясы, балдар арасында 22 жүрөктүн тубаса кемтиги табылды. Аталган аппарат дарт аныктоо жана дарылоонун натыйжалуулугун баалоодо дарыгерлерге, өзгөчө неанотолог, педиатр жана акушер-гинеколог адистерине чоң жардам берүүдө.

## Материалдык-техникалык база

Энелердин жана балдардын ден-соолугуна кам көрүү жана заманбап шартта ооруларды айыктыруу максатында Ноокат аймактык ооруканасынын төрөт бөлүмүн жана төрөткө чейинки көзөмөл бөлүмдөрүн ондоп түзөө үчүн 2024-жылдын 4- декабрында мамлекеттик сатып алуулар боюнча табыштама (тендер) сметалык жалпы суммасы 12 608 571 сомдук жумушту сатып алуу жарыя болгон. Аны ОсОО "Эко Сити Строй" ишканасы тарабынан жалпы суммасы 10 124 154 сомго утуп, бүгүнкү күндө ондоп-түзөө иштери аяктап, пайдаланууга берилди.

Балдар бөлүмүнүн соматика, жандандыруу бөлүмү, кабыл алуу бөлүмү, балдар жугуштуу оорулар бөлүмү, рентген кабинеттери 23 млн. 936 миң 804 сомго ОсОО "Эко Сити Строй" тарабынан бүгүнкү күндө ондоптүзөө иштери жүргүзүлүп 60% жумуш аткарылды.

Кардиология бөлүмүн УКС тарабынан тендер 25 млн. 694 миң 949сомго жарыяланып, аны ОсОО "Спец КЖ" 17 млн. 498 миң 398 сомго утуп, бүгүнкү күндө 90%га жакын жумуштары аткарылды.

## Энеликти коргоо

Энеликти коргоо жана жаңы төрөлгөн ымыркайларга медициналык кызмат көрсөтүү негизинен 1 Ноокат аймактык ооруканасында жана анын 45 койкалуу төрөт бөлүмүндө, 15 койкалуу патология бөлүмүндө, 20 койкалуу гинекология бөлүмүндө ошондой эле айыл аймактардагы 6 филиалдарында жүргүзүлөт. 2024-жылы жана 2025-жылдын 6 айына энелер өлүмү катталган жок.

Энеликти коргоо жана жаңы төрөлгөн ымыркайларга медициналык кызмат көрсөтүү негезинен 1 аймактык оорукана, 7 аймактык оорукананын филиалдары, ҮБМ-Буда, 25 ҮДТ жана 46 ФАПтар тарабынан жүргүзүлөт. Төрөт үйүнүн дарылоо иштеринин сапатын жогорулатуу боюнча дагы бир канча алгылыктуу иштер аткарылды. Атап айтсак: клиникалык протоколдордун ички протоколдору жана аракет алгоритмдери иштелип чыкты. Токтоосуз биринчи жардам көрсөтүү боюнча, ымыркайларга биринчи реанимациялык жардам көрсөтүү боюнча, инфекциялык көзөмөлдөө боюнча реанимациялык бригадалар түзүлүп, жооптуу дарыгерлер бекитилди. Кош бойлуулуктун оор патологиясы менен келген жана төрөттөн кийинки мезгилде оор акыбалга түшкөн, оор жана өлүк төрөлгөн ымыркайлардын себептери талкууланды жана методикалык-практикалык окуу процесстери өткөрүлдү .

Төрөт үйү жаңы заманбап аппаратуралар менен камсыз болду. Андан сырткары оор абалдагы аялдар жана ымыркайлар тууралуу консультация алуу үчүн төрөт бөлүмүнө онлайн телеконсультация орнотулган. Төрөт ыкмасына вакуум-экстракцияны колдонуу жана операция жолу менен төрөтүүдө СМА оорукссуздандыруу ыкмасы кенири жайылтылды .

Ошондой эле Ноокат аймактык ооруканасында 1928-жылы курулган эски имаратка кечиктирилгис медициналык жардам

# калк саламатчылыгына камкордук жакшы

көрсөтүү бөлүмү, төрөт бөлүмү, патология бөлүмү, 4 лабораториялар менен бирге жайгашкан. Бул имарат авариялык абалда болгондуктан жаңы административдик-лабораториялык КМЖК бөлүмү менен бирге имарат куруу пландаштырылган.

Ноокат районунда канализация системасынын жоктугунан райондук ооруканынын аймагында жайгашкан бардык ажатканалардан, душ-ванналардан, бөлүмдөрдүн ичиндеги ашкана, операция болгон бөлмөлөрдөн булганч суулар трубалар аркылуу чоң септиктерге топтолот. Бул булганч суулар атайын ассенинациялык машиналар менен 40 км аралыкка ташылат. Бир суткада 80-100 тонна саркынды суулар ташылып чыгылат. Жогорудагы жумуштарды аткаруу үчүн өтө чоң акча каражаты жумшалат. Суткасына 250-350 литр күйүүчү май сарпталат. Ташыган машиналар дагы тез-тез бузулуп турат. Бул иштерди аткаруу үчүн көп акча каражаты жумшалууда. Мамлекет тарабынан бөлүнгөн акча каражаты жетпейт. Ошондуктан ушул маселени чечүү үчүн "Очистное сооружение" куруп, чыккан тунук сууну шаарга бак-дарактарды су-












гарганга берип турса болот. Азыркы күндө аталган курулманын долбоору 2023-жылы иштелип чыккан, документтери даяр, тиешелүү текшерүүлөрдөн, эксперттерден өткөн. Республикалык бюджеттен 14 млн сом акча бөлүнгөн. Бирок, Ош областтык экология кызматы тарабынан уруксат берилбегендигинин негизинде курулуш иштери кечиктирилди. 2024-жылдын декабрь айынын аягында гана обьекттин курулушуна макулдук берилди. Азыркы күндө проекттик-сметалык документтери 100% бүткөрүлүп, куруу үчүн тендер жарыяланды. Азыркы проекттик-сметалык баасы 43млн сомго көтөрүлдү. Жетишпеген акчаны республикалык бюджеттен бөлүп берүү маселеси боюнча Жогорку Кенештин депуттарына кайрылуу жасалган. Тендердин негизинде курулуш иштери 2025-жылдын 1чи кварталынын аягында бүткөрүлүшү пландаштырылган эле.

Жаңы-Ноокат айылдык бөлүмүнүн имараты 1965-жылы курулуп, алгач Токтогул жатак мектеп-интернатына пайдаланууга берилген. 1994-жылы Ноокат райондук ооруканынын 45 койкага эсептелген (ЦРБ) филиалына берилген (терапия -25, төрөт -10,балдар бөлүмү -10 керебет). Керебеттер кыскартылып, азыркы күндө баары болуп 25 керебет иштейт: төрөт бөлүмү-10, терапия бөлүмү-10. Имарат 2 кабаттуу, эскилиги жетип, авариялык абалда. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн калкынын саны азыркы күндө 35миңден ашты. Айылдык ооруканасынын жаңы типтеги 2 кабаттуу 75 орундуу поликлиникасы менен заманбап имаратынын 185 млн сомдук проекти түзүлүп даяр.

## Кычкылтек заводунун курулушу

Заводдун долбоору даярдалып, оорукананын аймагында заводду курууга атайын 6 сотых жер бөлүнгөн. Долбоор талкуулanып, райондук электр тармагы, телеком, экология, өрт коопсуздугунун өкүлдөрү ж.б. менен макулдашылган. 2024-жылда чет элдик эксперттер-Америкадан 6, Африкадан 2 эксперт келишип, завод курула турган жай жана курулуштун долбоору менен таанышышып, жактырып кетишкен. Тендерден "Интегра" подрядчиги утуп, заводдун курулушу 2024-жылы башталган. Азыркы күндө завод иштөөгө даяр.

2024-жылдын декабрь айында ПРООНдун каржылоосунда заводду иштетүү максатында Ош шаарында өткөрүлгөн окуудан ооруканадан 7 кызматкер 3 күндүк атайын окуудан өтүшүп, сертификат алышты. Завод иштеп баштаса жакынкы Баткен облусундагы Кызыл-Кыя, Кадамжай, Хайдаркан шаарларына да кычкылтек менен толук камсыз кылат. Суммасы 1 млн. 200миң АКШ доллары. Каржылоо булагы-ПРООН

## Көк-Жар жана Көк-Бел айылдык ооруканаларынын курулушу

100 орунга ылайыкташтырылган 2 кабаттуу поликлиникасы менен Көк-Жар ооруканасынын имаратынын курулушу 2020-жылы башталган. Имарат 100 орунга ылайыкташтырылган стационарды (терапия, хирургия, неврология, кардиология, төрөт жана балдар бөлүмдөрү), тез жардам бөлүмүн, поликлиниканы камтыйт.

"Дельта-Лот" ЖЧК 153 317 577 сомго тендерден уткан. Бүгүнкү күндө имараттын 2 кабаты тең бүткөрүлүп, чатыры жабылган. Ички жасалгалоолору: терезе эшиктери, электромонтаж, сан узел, жылытуу системалары, актап сырдоо жумуштары калган. Суммасы 208 млн. сом (медициналык жабдыктары менен бирге). Каржылоо булагы- республикалык бюджеттен.

Көк-Бел айылдык ооруканасынын 1952-жылы жыгачтан курулган терапия бөлүмүнүн эски имараты бузулуп анын ордуна 100 орунга ылайыкташтырылган поликлиникасы менен оорукананын жаңы имаратынын курулушу 2024-жылы башталган. Курулуштун баасы 143 млн 800 миң сомдук сметасы түзүлүп, ОсОО АН Ош курулуш компаниясы тендерден уткан. Имарат 3 кабаттуу. Суммасы 143 млн. 800 миң сом. Каржылоо булагы- республикалык бюджет.

Белгилей кетсек, Ноокат аймактык ооруканасы саясий иштерге активдүү катышат. Жакында эле белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, тарыхый инсан Алымбек датканын 225 жылдыгына арналып Алай жергесинде өткөрүлгөн иш- чарада аталган оорукана жана Ноокат райондук Үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору тарабынан даярдалган кыргыз улуттук боз үйү биринчи орунга татыды жана сыйлыкка ээ болду. Калктын саламатчылыгын бекемдөө менен бирге ушундай сыймыктуу аракеттерди да аймактык оорукана дайыма ишке ашырып келатат.

**Бурма Ысакова.**

# Ош шаарында айыл чарбасын каттоо жүргүзүлөт

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы "2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" №122 токтомун ишке ашыруу максатында Ош шаар мэриясы тарабынан 2024-жылдын 11-апрелинде №471 токтому чыгарылып айыл чарбасын каттоону уюштуруу жана өткөрүү үчүн Ош шаарынын мэриясынын 22 адамдан турган ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн жана ушул жылдын 20-февралында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыккан. Жогоруда көрсөтүлгөн токтомдорду ишке ашыруу максатында Ош шаардык статистика башкармалыгы тарабынан түзүлгөн планга ылайык иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Ушул жылдын январь-апрель айларында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүүгө бир өкүл жана эки башкы адис ишке кабыл алынган.**

Адистердин иштөө шарты түзүлгөн жана техникалык, атайын жабдуулар, офистик эмеректер жана концелярдык товарлар менен камсыздалган. Мындан сырткары Ош шаарындагы 6 муниципалдык 3 айылдык аймактык башкармалыктарда атайын бөлмөлөр жана тиешелүү эмеректер, оргтехникалар жана башкалар менен камсыздоо иштер жүрүп жатат.



Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин сатистикалык каттоолор жана геомаалымат системалар бөлүмүнүн башчысы А.А.Кудакеева баш болгон жана башка тиешелүү адистер, түзүлгөн программага ылайык ушул жылдын март айында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча окуу-семинар өткөзүштү. Семинарга Ош шаарынын вице-мери, бөлүм башчылары, МАБ, ААБтын жетекчилери жана айыл башчылар, кварталдык комитеттердин башчылары катышты. Ошондой эле 3-июнь 2025-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин адистери жана ФАОнун өкүлдөрү Darek-kg жана жер үйлөрдүн тизмесин тактоо боюнча практикалык окуу өткөрүлдү. Ал жыйынга регистраторлор, Ош шаардык стат башкармалыгы,мериядан, МАБ,ААБтан жалпы 89 адам катышты.

Азыркы учурда Ош шаарындагы, аймактардын, айылдардын админстративдик-аймактык чек араларын тактоо, алардагы көчөлөрдүн жана турак жай массивдеринин аттарын, үй чарбаларынын номерлерин тартипке келтирүү, үйлөрдүн номердик белгилерин жана көчөлөрдүн аталышта-ры жазылган табличкалардын болушун камсыздоо менен курулуп жаткан кварталдардагы, турак жай массивдериндеги турак үйлөрдү номерлер менен камсыздоо, көчөлөрдүн аттарын жазуу иштери жүрүп жатат. Ал эми бузулуп(снос) кеткен жер үйлөрдү жана башка айыл чарба каттоого тиешелүү обьектилерди тактоо жумуштар МАБ жана ААБтар тарабынан такталып маалыматты Ош шаардык статистика башкармалыгына берүүлөрү жөнүндө №01-01-54\430,21.07.2025 жылы кат жолдонгон.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин "2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жөнүндө №122 токтому менен бекитилген 2025-жылы айыл чарбасын каттоого өз убагында жана сапатту даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча негизги иштердин календардык планынын 5 жана 13-пунктарына ылайык калктын арасында каттоонун максаттары жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, баннерлерди даярдоо жана илдирүү, ЛЭД экрандарга киргизүү максатында даярдык көрүлүүдө.

Ош шаарында жер үйлөрдө жашаган жана айыл чарба жерлери бар атуулдар каттоого барган каттоочуларга сураган суроосуна толук жооп беришиниздерди өтүнөбүз.

**У.Мокеев,**
**Ош шаардык статистика башкармасынын жетекчиси.**

**Поэзия кайрыктары**

**Өзбек акыны Шухрат Ориф:**

# "Кырк дабан, ашууну калтырдым"

*Шухрат Ориф (Орипов) – 1981-жылдын 6-октябрында Өзбекстан Республикасынын Фергана облусунда төрөлгөн. Өзбекстан Улуттук университетинин журналистика факультетинде бакалавр жана магистратура баскычтарын аяктаган. Өзбекстан Республикасы Президентинин алдындагы Мамлекеттик жана коомдук курулуш академиясында билим алган. Коомдук байланыштар жана эл аралык мамилелер боюнча магистр даражасына ээ. Өзбекстан Жазуучулар союзу жана ТҮРКСОЙ Жазуучулар биримдигинин мүчөсү. Көптөгөн эл аралык адабий жыйындардын катышуучусу. 2020-жылы «Мен асыл адам эмес, ашык жар элем», 2022-жылы «Шам добушу» аттуу китептери жарык көргөн. «Шухрат» медалы жана «Достук» ордени менен сыйланган. Учурда «Бизнес өнүктүрүү банкынын» башкармалыгынын төрагасынын кеңешчиси болуп иштейт. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.*

## Жолугуу бар ортобузда

Ортобузда жыйырма күз бар,
Жыйырма бейбаш көктөм бар.
Ортобузда — бактылуулар,
Биз — бактылуу карыптар.

Ортобузда — үнсүз жылдар,
Миллиарддаган адамдар.
Ортобузда — дудук көңүл,
Дүрбөлөңдүү тынчтык бар.

Жолугуу бар ортобузда,
Бак тургузган бийик дар,
Жыйырма тамчы көз жаш, анан
Жалыны өчпөс билик бар.

Ортобузда чарчайт тагдыр,
Кимдер келип, ким кетпейт.
Ортобузда жашайт дүйнө,
Бирок, бизге дем жетпейт.

Ортобузда сүйүүбүз бар,
Жанды үнсүз бөлүү бар.
Өлүмдү да суктандырып,
Атыңды атап өлүү бар.

## КАР. МЕН жана СҮЙГӨН ЖАР

Кар каткырат терезеде,
Эрк түшкөндөй асмандан.
Кусалыктан ээрчийт издер,
Сени издеп баскандай.

Өмүр көккө сапырылып,
Тереземден түшкөндөй.
Дагы күттүм келериңди,
Сени издеп күткөндөй.

Кар каткырат терезеде,
Мен мелтиреп караймын.
Сенсиз кардай ээрип, эркем,
Атыңды ичтен атаймын.

**

Мына кайра мага кайтарып,
Алып келди тагдыр өзүңдү.
Мына кайра дагы аргасыз,
Күнөө менен келдик жүзмө-жүз.

Көзүңдө жаш мына кайрадан,
Күрсүнөмүн ага жүйөө бар.
Айтары не эриндериңдин...
Аяп турат бизди күнөө да.

*

Аядым окшойт мен сизди,
Аягым келип өзүмдү.
(Каректер кокус тийишсе,
Ала албайт элем көзүмдү.)

Аядым окшойт мен сизди,
Утурлап чыкпай атайын.
(Жагамын депмин мен сизге,
Абийирден кетсем ансайын.)

Аядым окшойт мен сизди,
Теңирдей болуп аяйм деп.
(Кучагым отко ыргытсам,
Кучагын ачты мага Эрк!)

Аядым окшойт мен сизди,
Атымды атап жүрсөңүз.
(Атайын узак жашадым,
Эртеңин ойлоп дүйнөнүн.)



## АЙЛАНА

Жалбырактар шыбырашат суроолуу,
Шуулдашат шамал коштоп бариктер.
Ашыгышат тазарууга кайрадан,
Бак-дарактар тонун чечкен таризде.

Ойдо жокто болуучудай бир укмуш,
Отургучтар алда кимди күтүшөт.
Эгер кудай пенделерин сүйбөсө,
Айрылуунун ачуу даамын билгизмек.

Көк жиберген күндөр — жаңы мүмкүндүк,
Өз огунда Аалам тегиз термелип
Базар көздөй бара жатат бир киши,
Турмуш муңун ырга салган өңдөнүп.

*

Кырк дабан, ашууну калтырдым.
Алдыда не күндөр жарышы?
Кайрат жок жетүүгө чаптырып,
Калууга жол бербейт намысым.

Тагдырым боёксуз сүрөттөй;
Ак-кара, ак-кара, ак-кара...
Башымда добулбас урамын,
Доорунду ырдаймын таманда.

Өмүрүм куштардынданындай,
Кокондон Ташкентке чачылган.
Көңүлдүн түбүнө жанымдай,
Бир коош кумура катылган.

Адамга окшосом кээ күнү,
Кээ күнү адамга зарыгам
Ойгонсом өңүмдө жер жүзү,
Уктасам уктатпас жарым бар.

Топурак, өзүндөй жакын жок,
Булуттай аманат өздөр бар.
Бармагым тиштегим келет, эх,
Батынбайм, көздөр бар, сөздөр бар.

Атам бар, энем бар бүтүнмүн,
Боорумда бактылуу аял бар.
Болбосо жашоодо кантмекмин,
Оо, жакшы, кыял бар, кыял бар!

Кырк дабан, ашууну калтырдым.
Алдыда не күндөр жарышы...
Башкалар сыяктуу бактылуу
Жашоого жол бербейт намысым.

## КАЪБАДА

Кыялдай жолдорум — чексиздик,
Бу жолдо жел болуп, желдим мен.
Кудайым, ачылсын эшигиң,
Өзүмдү ээрчитип келдим мен.

Башка бир жолго кул кылбадым,
Өмүрүм өзүңдөн башталат.
Жолдордун бардыгы кыйрады,
Жан кайра өзүңдөн жай табат.

Тирүүлүк, өмүрүм көз ачкан —
Турмуштан чегерген белегим.
Бутум — жер, көңүлүм — көк асман,
Өзүңдөн кабарым күтөмүн.

Кайрат жок ыйлоого, чөгүүгө,
Тагдырым үстүмөн көп күлөт.
Кыялдай жолум бар өмүрдө,
Дарегим жолума тигилет.

**Которгон: Гүлүмкан Исаева.**

Сыймык

# ОшМУнун студенти Жантөрө Мирзалиев дүйнө чемпиону



Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков окуу жайдын студенти, грек-рим күрөшү боюнча 67 килограмм салмакта дүйнө чемпиону Жантөрө Мирзалиевди кабыл алды.

Спортчу менен бирге Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын башчысы Айбек Камалов жана тренери Сулайман Миңбаев келди. Кожобеков Мирзалиевди жеңиши менен куттуктап, анын жетишкендиги университеттин жамааты үчүн чоң сыймык экенин белгиледи. Ошондой эле окуусунда жеңилдиктер караларын кошумчалады.

Жантөрө Мирзалиев 17-24-август күндөрү Болгариянын Сомаков шаарында өткөн грек-рим күрөшү боюнча U-20 өспүрүмдөр арасындагы Дүйнө чемпиондугунда алтын медаль тагынган. Муну менен ал Кыргызстандын тарыхында алтынчы болуп дүйнө чемпиону аталды.

20 жаштагы Мирзалиев Ош облусунун Өзгөн районундагы Чымбай айылынан болот. Ал 2022-жылы 17 жашка чейинкилер арасында өткөн Азия чемпиондугунда алтын медаль уткан. 2023-жылы Иорданиянын Амман шаарындагы Дүйнө чемпиондугунда күмүш медаль тагынса, 2025-жылы Бишкекте өткөн Азия чемпиондугунда 1-орунду камсыз кылып, Азия чемпиону аталган.

Жантөрө Мирзалиев учурда ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун дене тарбия адистигинде билим алат.

**З.НУРАЛИЕВА,**
**ОшМУнун басма сөз катчысы.**

Салык кызматы

# Салык ставкалары бекитилди

**Соода үчүн патенттин негизги суммасы жана өзгөчө режим үчүн салык ставкалары бекитилди. Бул тууралуу МСКнын басма сөз кызматы маалымдады.**

**Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 9-сентябрындагы токтомуна ылайык, салык мыйзамдарынын жаңы ченемдери бекитилгендигин билдирет.**

Документке ылайык төмөнкүлөр бекитилген:

– соода ишмердүүлүгү үчүн патенттин негизги салык суммасы;

– өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салыктын ставкалары;

– өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык колдонулуучу базарлардын жана кичи базарлардын реестри.

Тактап айтканда, базарларда жана кичи базарларда, ошондой эле аянты 30 чарчы метрге чейинки стационардык соода жайларында иштеген ишкерлер патент боюнча иш жүргүзө алышат. Ал эми соода борборлорунда жана өзгөчө режимдеги соода аймагында иш жүргүзгөн субъекттер патенттик системаны колдонууга укугу жок.

Бир соода орду үчүн патенттин ставкасы туруктуу болуп эсептелет жана соода аянтына жана/же учурдагы календардык жылда алынуучу кирешенин көлөмүнө жараша аныкталат. Патенттик система боюнча иш жүргүзүү үчүн ишкер жергиликтүү салык органына тиешелүү арыз менен кайрылууга тийиш.

Патентти салык төлөөчүнүн кабинети аркылуу, мобилдик банкингдерден, төлөм терминалдары же жергиликтүү салык органдары аркылуу алууга болот. Мындан тышкары, токтом менен өзгөчө режимдеги соода аймагына тиешелүү салык ставкалары жана бул режим колдонулуучу базарлардын реестри бекитилди.

Салык кызматы ишкерлерди жаңы салык мыйзамдарынын нормалары менен жакшылап таанышууга жана аларды өз ишмердүүлүгүндө эске алууга чакырат.

**К.Орунбаева.**

101 билдирет

# Өрт кырсыгына алыс бололу

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ош шаары боюнча башкармалыгы 2025–жылдын башынан ушул күнгө чейин Ош шаарынын аймагында *55* өрт кырсыгы катталып, келтирилген материалдык чыгым *53523351* сомду түзгөнүн билдирет.**

**Урматтуу Ош шаарынын тургундары жана меймандары, жогоруда көрсөтүлгөндөй, ар кандай өрт кырсыктардын саны күн санап өсүүдө. Өзүбүздүн үй -бүлө мүчөлөрүбүздүн жана жакындарыбыздын ден-соолугуна өмүрүнө зыян келтирүүдөн жана өмүр бою жыйнап келген үй-жай, мал-мүлкүбүздү бир заматта күлгө айландырган өрт кырсыгына алыс бололу.**

Квартираларда, турак жай бөлмөлөрүндө жана мейманканаларда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) балкондордо жана лоджияларда, тепкичтер жайгашкан аянтчаларда, цоколдук аянттарда, подвалдарда, үйдүн чатырларында тез тутанган жана күйө турган суюктуктарды, газ баллондорун сактоого;

2) төшөнчүдө тамеки чегүүгө;

3) тамекинин түбүн балкондон же лоджиядан ыргытууга;

4) даярдалып жаткан тамакты плитага кароосуз калтырууга;

5) имаратта адамдар жүргөн учурда түнкүсүн тепкичтер жайгашкан жердеги жарыкты өчүрүүгө жана алардын эшигине кулпу салууга жана кыйынчылык менен ачыла турган илгичтерди салууга;

6) конок бөлмө менен ашкана бөлмөсү кошулган учурда газ түзүлүштөрүн (мештер, казандар, суу жылыткычтары) орнотууга.

Төмөнкү өрт коопсудук эрежелерди аткаруу милдеттендирилет:

1.жаш балдарды үйдө кароосуз калтырбаңыз, өз алдынча от жагууга, үй тиричилигинде колдонуучу электрдик плитка жана башка аленттерин колдонууга жол бербеңиз.

2.ширеңке, (зажигалка) ж.б от чыгуучу буюмдары менен ойноого болбостугун жана ойончук эмес экендигин түшүдүрүңүз.

3.таштандыларды иммараттардан, турак үйлөрдөн 50 м. аралыкта өрттөп, дайыма көзөмөлдөңүз.

4.күйүүчү материалдарды, тоютка жыйылган чөптөрдү (отун, чөп, таштанды) имараттан, очок, тандырдан алыс сактаңыз.

5.ачык электр зымдарын тез арада оң абалга келтирүү;

6.ачык электр зымдарын күйүүчү материалдардын үстүнөн өткөрүп тартпоо керек;

7.үй тиричилигине пайдалануучу газ, электр, мештерди сайылуу абалда көзөмөлсүз калтырбоо;

8.үйдүн чатырына күйүүчү материалдарды сактабоо;

9.жаш балдардын от менен ойноосуна жол бербөө;

10.ар бир ата- эне күн сайын жаш балдарыбызга ширеңке жана башка күйүүчү




зат менен ойноосу оюнчук эмес экендигин эскертип түшүндүрүп турруусу зарыл;

11.тартылган тамекинин калдыгын атайын урнага таштоо;

12.өрт кырсыгына каршы ар бир үйдө 200 литрден кем эмес идиште суу кармоо зарыл.

Электирдик эсептегичте заводдо жасалган электр "предохранителин" орнотуу зарыл. Сынган, оң абалда эмес электр күйгүзгүчтөр, розеткалар, патрондор өз убагында алмашылсын. Электр жылыткычтар, үтүк, электр чайнектерди күйбөөчү таканчыктарга коюңуз жана бардыгын бир убакытта иштетпеңиз.

**К.Кыдырбаева,**
**КРнын ӨКМнин**
**Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн**
**офицери, майор.**

Жарыялар

## Кытай көз дарыгерлери акысыз операция жасашат

Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын көз микрохирургия бөлүмүндө, 2025-жылдын 10-октябрынан баштап 10 күн бою жылдагыдай, Кытайдан келген көз дарыгерлер катаракта боюнча акысыз операция жасайт. Операция жасатуучулар, ар ким өз аймагындагы көз дарыгерге жолугуп, тизмеге жазылып, керектүү документтерди тактап коюу зарыл. Ар бир район-шаарлардын окулисттери азыркы учурда тизмелерди тактап жатышат жана кытай дарыгерлери келгенде бейтаптарды, белгиленген күнү алып келип, кытай дарыгерлерине кабыл алууга киргизишет.

## Жараксыз деп табылсын

2018-жылы Ош Мамлекеттик Университети тарабынан Мураталы уулу Маликке берилген № ШС 180172923 сандуу каттоо номери 1529 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

1997-жылы ОшМУ тарабынан Бекташов Эркебек Мергеновичке берилген ГТ 02698 номурлуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Считать недействительным

Утерянные бухгалтерские документы и печать Индивидуальный предприниматель «Жээнбеков Нурсултан Бакытбекович» (ИНН: 21705199200566) просим вернуть за вознаграждение. Обращаться по телефону: 0509-303003 или по адресу: г.Ош, ул.Т.Абакир уулу, 6-1.

**XXX**

2005-жылы Ош Мамлекеттик Университетинин "Бизнес жана менеджмент" тарабынан Кубанычбек кызы Чолпонго берилген № СД 051076149 каттоо № 4307 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Жарыя

Ош областтык Сот департамент башкармалыгы 47880 сомдук эски колдонулган темирлер сатылат. Дареги Өзгөн району Мырза-Аке айылы Жээнбеков 96.

**XXX**

2022-жылы ОшМУ тарабынан Бакытбек кызы Нургульгө берилген ТВ220217516 номурлуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

2017-жылдын Ош МУнун БИМ тарабынан Сатканбай кызы Акакка берилген № УВ 170395774 номурлуу дипломдун эки барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.



**Ош шаарынын чок ортосунда жайгашкан Сулайман-Тоо тарыхый улуттук, археологиялык музей комплексин мэрия өз башкаруусуна алууга аракеттенүүдө. Шаар бийлиги тарыхый улуттук, археологиялык музей комплекси жакшы каралбай калганына себеп келтирип жатат. Биз ушул маселе боюнча эки тарапка тең кайрылып, пикирлерин алганбыз.**

**Жакында Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаевдин КР Маданият министрлигинен Сулайман-Тоонун айланасын муниципалитеттин карамагына өткөрүп берүү сунушу жалпы коомчулукка резонанс жаратканы маалым. Калаа башчысынын кезектеги рейди учурунда Сулайман-Тоону ирээтке келтирүү маселеси боюнча айткан маалыматына караганда, тоонун этегиндеги көрүстөндү рекультивациялоо жана ага бак-дарактарды, газондорду отургузуу, сейилдөө үчүн жашыл аймакты түзүү, электромобилдерди ишке киргизүү керек.**

# Сулайман-Тоо мэриянын карамагына өтөбү?

«Биз Оштуктар Сулайман-Тоону талашканга, мэрияга өткөрүп бергиле деп сураганга акыбыз бар. Шаарыбыздын көзгө басар жери качанга чейин каралбай, мүрзө катары жатат. Туристтер келсе көргөзө турган эмнебиз бар? Мүрзөлөр 100, 70 жыл мурун орнотулган. Ошондуктан аларды алып салыш керек, жолду кеңейтип, электромобилдерди ишке киргизиш керек»,-деди Жеңишбек Токторбаев.

Ал эми буга жооп катары "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин башкы директорунун илимий иштер боюнча орун басары Хайрулло Ибайдуллаевге суроо салганыбызда ал төмөнкүлөргө токтолду.

"Бул маселе юридикалык жактан такталып, кайра жабылат деп ойлойм. Буга чейин иштеп кеткен мэрлер тарабынан дагы ушундай көп аракеттер болгон.


Сулайман-Тоо музей комплексинин жамаатынын позициясы КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин карамагында турушу керек. Себеби, мунун улуттук деген макамы бар, ЮНЕСКОнун тизмесинде. Сулайман-Тоодогу инфраструктуралык көйгөйлөр жөнөкөй жолдор менен ишке ашпайт. Бул археологдордун, реставратор сыяктуу топтордун долбоорлору аркылуу реконструкция иштери жүрүш керек. Ошондо да табигый турпатын сактаган абалда. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 8-сентябрындагы №638 токтомуна ылайык Сулайман-Тоонун корук аймагындагы бардык курулуш жана чарба иштерин жүргүзүүдө КРнын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги менен макулдашуусу шарт. Ошондуктан Ош шаарынын мэринин сунушу жогорудагы маалыматтардын негизинде болбой тургандыгын маалымдайбыз»-дейт Хайрулло Хабибуллаевич.




«Сулаймандын тактысы» деп которулган Сулайман-Тоо --Ош шаарындагы ыйык тоо. Ал ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине жана элдин тарыхы менен маданиятынын байыркы эстелиги болуп саналаарын Хайрулло Ибайдуллаев баса белгилеп кетти. «Сулайман-Тоонун тарыхын, ыйыктыгын билбегендерге сиздер аркылуу бул жөнүндө кыскача маалымат да берип койсок дегенбиз.

## Сулайман-Тоо тоосундагы көрүстөнүнүн тарыхый мааниси

Кайып-Мазар көрүстөнү Ош шаарындагы Сулайман-Тоо тоосунун түштүк жана түндүк-батыш капталында жайгашып, Кыргызстандын түштүгүндөгү эң байыркы жана тарыхый мүрзөлөрдүн бири болуп эсептелет. Бул көрүстөндөр тарыхый, диний жана маданий мааниси терең, жергиликтүү элдин аң-сезиминде сакталып келген, ислам салттары жана ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине кирген Сулайман-Тоонун өзгөчө макамы менен байланыштуу болуп саналат.





### 1. Тарыхый-маданий мааниси

Кайып-Мазар тууралуу эл оозеки маалыматы жана кээ бир жазма булактарда диний инсандар, суфийлер, пайгамбардын тукумдары (сайиддер) коюлган ыйык жер катары эскерилет. Бул көрүстөн жүздөгөн жылдар бою колдонулуп келгендиги эски таш мүрзөлөрдөн, араб жана парсы тилиндеги жазуулардан маалым.

### 2. Диний-руханий мааниси

Сулайман-Тоосундагы көрүстөндөр ислам салтында Борбор Азиядагы белгилүү болуп, бул жерге маркумдун сөөгүнүн коюлушу — чоң урмат катары белгиленген. Анткени бул тоодо пайгамбар Сулаймандын (Соломондун) изи бар деп ишенишкен. "Кайып-Мазар" деген аталышы ("кайып" – жашыруун, сырдуу дегенди билдирет) өзгөчө адамдардын рухтары жашаган жай деген түшүнүктү чагылдырат.

### 3. Археологиялык баалуулугу

Кайып-Мазар — бул тарыхый-археологиялык эстелик катары да баалуу. Ал аркылуу миңдеген жылдардагы жерге коюу салттарын, этностук түзүмүн жана диний ишенимдерин изилдөөгө болот. Мүрзөлөрдөгү эпитафиялар (жазуулар) аркылуу тилдин өзгөрүшү, диний формалардын өзгөрүшү, жерге коюу ыкмалары тууралуу маалымат алууга болот.

### 4. ЮНЕСКО менен байланыш

Сулайман-Тоо – Ыйык тоо деген ат менен ЮНЕСКОнун дүйнөлүк мурас тизмесине киргизилген номинациянын алкагында Кайып-Мазар культтук ландшафттын ажырагыс бөлүгү катары каралат. Бул көрүстөндөр руханий жана маданий салттардын улануусун чагылдырат.

Кайып-Мазар көрүстөнү — бул жөн гана мүрзө эмес, элдин тарыхын, ишенимин жана эскерүүсүн камтыган эстелик. Бул жер археологдор, тарыхчылар, теологдор жана жергиликтүү эл үчүн чоң мааниге ээ. Аны сактоо жана иликтөө – музей кызматкерлеринин жана маданий мурасты коргоо менен алектенген мамлекеттик органдардын милдети.

Чындыгында азыркы калаа башчысынын аткарып жаткан иштери шаар тургундарына майдай жагып жатканы айкын. Анын таң заардан туруп рейддик жүрүштөрдү алып барышы, көйгөйлөрдү көзү менен көрүп, калаа тургундарынын жашоо-шарты менен жеринде таанышып чыгышы шаар элине жакпай койгон жок. Мыйзамсыз курулуштарды сүрдүрүү, жолдорду кеңейтүү маселелерин тездетип, шаардын айланасын жаркырата койгонуна ичиң жылыйт. Ал эми Сулайман-Тоону ирээтке келтирүүдө жана андагы күмбөздү көчүрүү идеясы жашоочуларды эки ойго салып койгондой болду. Айрымдары бул пикирди колдосо, кээ бир тургундар бул маселеге караманча каршы чыгышууда.

Эксперттердин чыгарган жыйынтыгы менен алдыда бул маселе кандай чечилгени боюнча да окурмандарга маалымат беребиз.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**